# Коопсуздук техникасын сактоо эрежелери

1. Ток туташтыруу жана өчүргүчү булактар ишке даяр болушу керек.
2. Техника каражаттары ишке жарактуу болушу керек.




3. Ток булагына иш башталарда гана туташтыруу зарыл.
4. Техника каражаттары менен тааныш гана адамдар иштей алышат.
5. Ток булагына туташтыруучу жерлер бузулган болсо, анда өз алдынча иш жүргүзүүгө болбойт.
6. Техникалык каражаттар тарбиячынын жетекчилиги астында колдонууга тийиш.
7. Балдар жанына ар кандай учтуу буюмдарды алып жүрүүгө тыюу салынат.
8. Тайпалардагы бардык буюмдарга аяр мамиле кылуу зарыл.






**Эсиңерге сактагыла !**

*Ар бир жумуш орунда өмүргө коркунуч келтирүүчү электр чыңалуусу бар. Иштеп жаткан учурда өтө кылдат болуу керек! Бөөдө кырсыктан, электр тогунан жабыркоодон, жабдууларды сындырып алуудан сак болуу үчүн төмөнкү эрежелерди сактоо зарыл:*



- Эгерде отургучтун бийиктиги жылдырылып тууралanса, анда көзүңөр экрандын борборун карагандай абалда турушу керек. Денеңер столдон 15–16 см алыстыкта болушу керек. Эгер дайыма көз айнек кийип жүрсөңөр, аны тагынып иштегиле.




- ✓ Информатика кабинетине түртүшпөй, шашпай, жабдууларды жана эмеректерди жөөлөбөй, мугалимдин уруксаты менен гана кирүү керек.
- ✓ Мугалимдин уруксаты жок компьютерди жандырбагыла жана өчүрбөгүлө
- ✓ Электр зымдарына жана байланыштыруучу кабелдердин бириктиргичтерине тийбегиле
- ✓ Экранга жана монитордун арткы жагына тийбегиле
- ✓ Иш ордуна башка предметтерди койбогула.
- ✓ Кабинетке башкалар киргенде өз ордуңардан турбагыла
- ✓ Аппаратуралар иштөө учурунда бузулса өз алдынарча оңдогонго аракет кылбагыла; Компьютер бузулганда же иши үзгүлгүткө дуушар болгон учурда ишти тезинен токтотуп, мугалимге кабарлагыла.
- ✓ Клавиатура менен иштегенде колуңар таза жана кургак болсун. Клавиштерди күч колдонбой акырын баскыла жана аны баскан абалда көпкө кармабагыла.



